УДК 82-1(894.341))

Н.А.МОЛДАЛИЕВА
N.A.MOLDALIEVA
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН БАЛДАР ЫРЛАРЫНЫН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

# ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ ДЕТСКИХ СТИХОТВОРЕНИЙ ТОКТОГУЛА САТЫЛГАНОВА

# THE MEANING OF UP-BRINGING POEMS (FOR CHILDRENS) BY T.SATYLGANOV

*Бул макалада кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылгановдун балдарга арналган ырларындагы тарбия жөнүндөгү ойлору камтылган.*

***Ачкыч сөздөр:*** *акын, балдар ырлары, балдар адабияты, элдик оозеки чыгармачылык, педагогика.*

*В этой статье рассматривается мысль великого кыргызского акына Токтогула Сатылганова о воспитании детей через его стихотворений.*

***Ключевые слова****: поэт, детские стихотворения, детская литература, устное народное творчество, педагогика.*

*The article is devoted the idea of great Kyrgyz poem of Toktogyl Satylganov about the training of children through his poem.*

***Keywords:*** *poet, childrens poem, childrens literature, oral people creative, pedagogics.*

Кыргыз эли Орто Азияда жашаган улуттардын эң байыркыларынан экендигин окумуштуу-илимпоздордун изилдөөлөрүнөн, тарыхый булактардан билебиз. Кыргыздар ырчыларга, акындарга, аткаруучуларга абдан бай калк болгон. Ошондуктан алардын талант-жөндөмүнө карата ар кандай сын-баа, наам берип келишкен. Бекеринен эл акындарды “ак таңдай төкмө”, ”жамакчы”, “жомокчу” деп аташкан эмес. Бул наамдын өзүндө да белгилүү маани-маңыз жатат. Мисалы, “ Ак таңдай ырчы ” деп, кандай чөйрөдө болбосун эл алдында ырчынын таасирдүүлүгү, көркөмдүгү, уйкаштыгы тарбиялык маани-мазмунунун жогорулуулугу, эч тоскоолдуксуз төгүп ырдаганы менен айырмаланган кайталангыс улуу таланттар аталган. “Жамакчы” ырчылар деп көбүнчө ырларынын уйкаштыгына азгырылып, анын идеялык бийиктиги, эстетикалык көркөмдүгү тайыз, белгилүү бир чөйрөдөн чыга албаган ырчыларды айтабыз. Ал эми “жомокчулар” белгилүү улуу же кенже дастандарды айта билген, табият берген кереметтүү талантка, күчкө, шыкка эгедер, эл тагдырын, эл үнүн калайык-калкка тартуулоо өзгөчөлүгүнө ээ болгон чыгармачылык дарамети күчтүү таланттар айтылган. Турмуштун оош-кыйыштарын акындардын ырларынан уккан окурман анын тарбиялык багытына, мазмунуна тез ынанат. Демек ал акындардын ырлары турмуш чындыгынан алынгандыгы менен окурмандардын жүрөгүнө жакын, жеткиликтүү келет.Ошондой эле эл акындары өзүлөрүнүн чыгармаларында Ата Мекен, эл-жери үчүн кандай гана турмуштук татаал кыйынчылыктар болбосун ага каршы турууга ар дайым даяр экендиктерин билдиришип, окурмандарды, жаштарды ошого даярдайт. Алар айрыкча жаштарды, өспүрүмдөрдү, жалпы эле окурмандарды улууну урматтоого, кичүүнү сыйлоого чакырышып, коомдо жашаган жалпы адамзатын барктап-баалоого, анын асылдыгын терең түшүнүп, аяр мамиле жасоону талап кылат. Кайсы гана акындын чыгармасын албайлы, ал чыгармалары кайсы гана темада болбосун, алардын идеясында ошол акындын жүрөгүнүн тереңинде катылып жаткан ой, көз-караш жатат. Мына ошондой залкар, төкмө акындарыбыздын

ырлары тарбиялык мааниси терең, таасири күчтүү. Андай акындарыбыздын бири байыркы кыргыз элинин улуу таланты Токтогул Сатылганов .

Токтогул Сатылганов 1864-жылы кереметтүү Кетмен-Төбө өрөөнүндө туулган. Жакырчылыкта төрөлүп, кичинекей кезинен эле жокчулукту көп көрүп чоңойгон. Төкмө акын бала кезинен эле элдик оозеки чыгармачылыкка кызыгып, комуз черткенди үйрөнүп, өзү дагы ыр чыгарууга умтулган. Элибизде: "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат"-- дейт эмеспи, келечектеги акын бала кезинен пайдалуу эмгек эмне экенин билген. Анын бул жолду тандашына энеси Бурманын тийгизген таасири чоң болгон. Себеби, энеси ырчы, элдик оозеки чыгармаларды көп билген аял болгон.

*Замандаштарынын эскерүүлөрүнө караганда Токтогул сөздү ушунчалык так, даана, чебердик, зергердей усталык менен маанисин бузбай, адамга уккулуктуу кылып беришинен улам анын чоң художник экендигин айтышкан. Ал гана эмес бир нерсе жөнүндө сүйлөөрүндө ыр, жамак менен, ылакап менен, макал менен баштап, кара сөзгө өтүп, мисалдап, айтылган сөздүн маанисин чыгарчу дешет. Ал эми адамдарга карата сылык сөздүү, кичи пейил, жапакеч, боорукер, жылдыздуу, өтө мээримдүү, эл үчүн берилген киши эле деп эскеришет*(1). Анын өмүр жолу, чыгармаларынын тарбиялык таасири бир нече муундарды тарбиялап келди. Ал жөн гана төкмө акын гана болбостон, белгилүү атагы чыккан музыкант-комузчу, акын-импровизатор да болгон. Бүгүнкү күнү өсүп келе жаткан урпактарыбызды кантип, кандай жол менен тарбиялайбыз? деген суроолорго эл акындарынын адабий мурастары түздөн-түз жооп бере алат деп ишеничтүү айтууга болот. Андай акындарыбыздын бири жогоруда биз сөз кылып жаткан улуу демократ акын Токтогул Сатылганов. Анткени Токтогул Сатылганов адам жана акын катары жашоо-тиричиликтин өтө майда-чүйдөсүнө чейин саресеп салып, адам баласынын нравалык сапаттарын жана мүнөзүндөгү туура эмес одоно кыял-жосундарын ачып көрсөтүү менен бирге жалпы эле жаштарды терс мүнөздүк сапаттардан алыс болуп, жакшы гана сапаттарга ээ болууга чакырган. Акын жаштарды нравалуулукка тарбиялоонун бирден-бир жолу, каражаты деп адептүүлүктү түшүнгөн. Анткени адам баласы өмүрү өткөнчө тарбияга муктаж болорун барыбыз билебиз.

Улуу чех педагог-гуманисти Я.А.Каменский*: "Кийинки кылымдын муундары бүгүнкү күндүн граждандары кандай тарбияланса, дал ошондой болот"(2)* деген сөзүнө эл акындары жана алардын чыгармалары жооп берет. Андай акындарыбызга улуу акын Токтогул Сатылгановдун чыгармаларын кошсок туура болот. Токтогулдун өмүр жолу жана анын ырлары – кыргыз элинин көз алдына элестетер тарыхы болуп эсептелет. Ал өзүнүн бүткүл чыгармачылыгын, өнөрүн элге арнаган. Ошондуктан акын эзүүчүлөргө каршы кыжырланган ырларды чыгарып, кедей-кембагалдардын аң-сезимин ойготуп, аларды адилеттүү турмуш үчүн күрөшүүгө чакырган. Ошону менен бирге эле Токтогул өзүнүн чыгармаларында балдар үчүн да дайыма акылмандык кеңешин айтып келген. Анын балдар адабиятынын өсүшүнө кошкош салымы да баалуу.Ырдын күчүн, поэзиянын керектигин, сөз искусствосунун таасирин акын отө жогору баалаган, акындын күчү ошондо болгон. Төкмө акындын дагы бир өзгөчө касиетинин бири – жаш бөбөктөрдүн, балдардын баёо сезимин багындырган элдик акындардын бири экендигинде.

Балдар адабиятынын өнүгүп чыгуусунун булагы – бул элдик оозеки чыгармачылык. Бешик ырларынан тартып кара сөз, ыр менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси күчтүү, тематикасы ар түрдүү чыгармалар, кыргыз элинин угуттуу мурастары балдар адабиятынан орун алган. Чыгармачылыктын башка түрүнөн айырмаланган бул өнөрканада да улуу акыныбыз Т.Сатылганов өзүнүн салмактуу экендигин далилдейт. *Анын дидактикалык мазмундагы ырлары "Насыят", "Санат", "Үлгү ырлар", "Нускалуу ырлар" ж.б. темалар менен аталганы белгилүү. Терең чебердиги менен айырмаланган акындын жогоруда айтылгандай балдарга арналган дидактикалык чыгармаларында санат менен насыяттары, терме, үлгү ырлары орун алган.**(3)*** .Ал өзүнүн турмуштук жеткилең байкоосундагы көз карашын "Эстей жүр балам мунумду"- деген ырында мындайча билдирет:

...Жатыркатып албагын
Ага-ини, тууган, курбуңду,
Эмгегинди эл билет,
Эринчээк болбой элпек бол.

Эстей жүр балам,мунумду, -- деп балдарды гумандуулукка, эл үчүн талбай эмгек кылууга, кичи пейил болууга чакырат. Анткени тарбиянын негизи балалык, өспүрүмдүк куракта түзүлүп калыптанат эмеспи. Акын өзүнүн духовный байлыгын элинин тагдыры менен байланыштыра алган өлбөс-өчпөс ушундай ырларын жаш өспүрүмдөргө тартуулоо менен аларды нравалыкка тарбиялоодо чоң роль ойногон. Ал эми акын өзүнүн “Кандай сонун балалык” деген ырында жаш өспүрүмдөрдү балалык чагын эсте кала тургандай орундуу өткөрүүгө чакырат. Эли-журтун, ата-эне, ага-тууганды кайгы-капага, мүшкүлгө салган кээ бир эси жок жаштарды акыл-эстүү болууга, балалыктын доорун эсиң менен ойноп-күлүп , ырыстуу өткөрүүгө үндөйт.

*Педагогиканын тарыхында тарбиялоону жашка карата мезгилдерге бөлүү, ал өзгөчөлүктөргө карата тарбиялоо процесси бар. Баланын туура өсүүсүнө карата болгон көз караштар грек философтору Сократ, Платон, Аристотель, Демократ, чех гуманисти Я.А.Каменский, француз агартуучусу Ж.Ж.Руссонун окуусунда да даана белгилеген(2).*

Арийне, Токтогул жогоруда аталган агартуучулардын чыгармалары менен тааныш эмес болгон. Бирок ошондой болсо да улуу педагогдордой эле балага тарбияны жаш курагына карата бериш керек деген ойду акын өзүнүн “Балалык” деген поэмасында ар кыл курактагы жаш балдардын мүнөзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүн, өмүрдүн ар түрдүү учурун,өнөр,жоруктарын ары көркөм, ары чеберчиликте ачып берип, педагогдордун көңүлүн тарбияны кандай мезгилде, кантип бериш керек экендигине бурат. Ошондой эле акын балалык чакты да эскерет :

Көк шумкарды колго алып,
Көк тескейди капталдап,
Бойлосон келбейт балалык.
Сексенге жашың барганда,
Селкилерге кошулуп,
Ойносоң келбейт балалык.

Ал эми анын “Тойпоңдогон жаш балдар” деген ырында кичинекей балдардын мүнөзүндөгү байоолукту, эч кандай сырткы дүйнө менен иштери жоктугун, оюнга тойбой кулунчак минип, көпөлөк кубалап,тамак ичпестен, сүт бышканча күтпөстөн оюнга шашкан балдардын образын ачып берген. Токтогулдун балдарга арналган дидактикалык чыгармаларына кайрылсак, анын ичинен санат-насыяттары, терме, үлгү ырлары да сөссүз түрдө окурмандын көңүлүн өзүнө бурбай койбойт. Анткени акындын санат-насыят ырлары, термелери жана үлгү ырлары өзүнүн тарбиялык мааниси, идеялык-көркөмдүк сапаты менен баалуу. Акындын бул түрдөгү ырлары абдан көп жана өзүнүн идеясынын тереңдиги, коомдук маселелерди камтышы боюнча жогорку сапатка ээ, ошондой эле андагы акындын философиялык ойлору дагы күчтүү, так берилгенин көрөбүз. Ал ырлардын кайсынысын албайлык , аларда коомдук турмушка мүнөздүү көп маселелер көтөрүлгөн жана адамкерчиликти, чындыкты, ак ниеттикти, достукту, жолдоштукту, эрдик менен баатырдыкты даңазалап, балдарды ушундай жакшы сапатка тарбиялоону коомдук турмуштагы зор милдеттерден деп эсептеген. Ошондой эле Токтогулдун дидактикалык ырларынын тарбиялык мааниси идеясынын терендиги, көркөмдүгүнүн жогору тургандыгы менен да мүнөздүү. Анын кайсы гана дидактикалык чыгармаларын албайлы анда адамдардын аң-сезимин ойготуп, алардын жашоо-тиричилигин турмуш багытындагы билимин көтөрүүгө жана калыптануусуна багытталып таалим, нуска маанисинде айтылат. Токтогулдун концепциясы : адам – эң жогорку кымбат нерсе, улуу идеял. Анын өзү – акындын адамды асыл зат катары жогору баалашы, ага өтө гумандуулук менен мамиле кылышы.

Эл Токтогулду биз жогоруда айтып кеткендей “ак таңдай, жез таңдай” акын деп айтышчу. Элибиздин ак таңдай ырчысы болуу менен бирге анын балдарга арналган чыгармалары алардын турмушуна туура багыт берип, алардын адамкерчиликтүү көз карашын калыптандырууга көмөк болгон. Ал эми “Улуу акын “ деген атак-наам ырды төгүп айткандыгы үчүн эмес, анын ашкан акылмандыгы, ойчулдугу, коомдук турмуштун социалдык өсүп-өнүгүү процесстерин өзүнүн чыгармаларында даана көрсөтүп, көркөм чагылдырып, санат-насыяттарында элдин көз караштарын, ой-тилегин, мүдөөсүн баса көрсөткөндүгү үчүн беришкен. Токтогул мындай сыйлыкка “улуу акын” деген атак-даңкка элден үйрөнүүнүн натыйжасында гана жеткен. Анын чыгармаларынын элдик мүнөзгө ээ экендигин, көпчүлүккө кеңири тарап кеткен күчү карапайым калктын турмушун реалисттик жагдайда сүрөттөгөндүгү менен белгиленет. Орус элинин улуу сынчысы В.Г.Белинский: “Өз элинин личностугун өзүнчө чагылдырганда гана ошол поэзия чыныгы поэзия” болоорун көрсөткөн (Белинский В.Г. Чыгармаларынын жыйнагы. М.,1954,5-т. 65-б.). Белинскийдин бул айтканы Токтогулдун чыгармаларына мүнөздүү, анткени акындын ырларынын булагы эл турмушунан алынып, алардын ой-санааларын, үмүт менен тилектерин чагылдырып, элдик мүдөөнү баяндаган.

Улуу акын Токтогул Сатылгановдун поэзиясы – кыргыздын Ала-Тоосунун көк кашка суусундай тунук, ичинде эч кошулмасы жок кызыл алтындай таза, ак болоттой курч, философиялык ойго мол поэзия. Акындын асыл сапаттуу, оюу тунук чыгармалары поэзиянын башатын түзүп, адабиятыбызды байытууда жана балдарды тарбиялоодо зор салымын кошуп жаткандыгы менен баалуу. Ошондой эле Токтогулдун кайсы гана темадагы ырларын албайлы, анда эзелтеден бери келе жаткан адамдардын турмушундагы көрүнүштөрдү, адамдардын мүнөзүндөгү оң жана тетири жактары карама-каршы коюлуп, коомго, этикага болгон чыныгы элдик көз караш, чыныгы адам идеалы, педагогика даңазаланат.

Жыйынтыктап айтканда , акындын чыгармачылык басып өткөн узак мезгилине саресеп салып келгенде анын ысымы дайыма элдин оозунда тайманбас, чындыкты бетке айткан акын катары кылымдар бою кала берет.

**Адабияттардын тизмеси**

1. Токтогулдун замандаштарынын эскермелери [текст]. - Ф.: Адабият 1990. -50 б.
2. Элдик акындар жана тарбия [текст]: Окуу методикалык курал. - Б.:1995. – 59 б.
3. Токтогул. Насыят: Ырлар [текст] / Т. Сатылганов. – Ф.: 1978. – 25 б.